Кыргыз Республикасынын ЖАКнын

Президиумунун 2021-жылдын 29-январындагы

№008 токтомунун тиркемеси

**«БЕКИТЕМИН»**

Ош шаарындагы №5 Ж. Бөкөнбаев атындагы мектеп-гимназиясынын директору Абдиева З. У. ________________ ______

«__15__»__________апрель__________2021-жыл

Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын киргизүү актысы жана иш-чаралар

1. **Илимий - изилдөөнүн натыйжаларын өндүрүшкө кийирүүдөгү автор:** Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевна.
2. **Илимий-изилдөөнүн аталышы:** «Башталгыч класстардын «адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуунун методикасы». **Илимий изилдөөнүн натыйжалары:**

Мектепте тажрыйба жүргүзүү 2016-2019-жылдарда жүргүзүлүп 1, 2, 3, 4-класстардын 190 окуучусу катышты. Тажрыйба жүргүзүүдө бардык этаптарында алгылыктуу натыйжалар байкалды:

- «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутууда алдыңкы тажрыйбалар жыйынтыкталгандыгына жана аларды окуу процессинде колдонуунун эффективдүү технологиялары диссертант тарабынан ачылып берилгендигине;
- «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутууда окуу үчүн сунушталган программадагы чыгармалардын туура сунушталгандыгына;
- «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуу Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде окуу программасына ылайык түзүлгөндүгүнө;

- диссертанттын «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуу боюнча темалардын мазмунун, формасын, каражаттарын, окутуу технологияларын кеңейтүүгө салым кошкондугуна;
- тема боюнча буга чейинки изилдөөлөр талапка ылайык колдонулгандыгына;
- тапшырмалардын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык кызыктуу, логикалуу ойлонуусуна, көйгөйлүү жагдайларды түзүүгө багытталгандыгына.

**3. Кыскача аннотация:** башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыкты жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталды.

**4. Ишке ашыруунун таасири:** Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын диссертациясынын натыйжалары төмөнкүлөрдү ишке ашырууга жардам берди:

- Башталгыч класс окуучулары жомокторду окуу менен этнопедагогикалык, этномаданий компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышына шарт түзүүгө;
- «Адабий окуу» сабактарында жомокторду окутуу боюнча мугалимдердин түшүнүктөрүн кеңейтүүгө;
- окуучулардын көркөм-адабий китептерди окууга болгон кызыгууларын арттырууга.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы**:

Ош шаарындагы №5 Ж. Бөкөнбаев атындагы мектеп-гимназиясы.

**6. Илимий изилдөөнүн натыйжаларын өндүрүшкө кийирүү формасы:**

Диссертациянын материалдары төмөндөгүдөй документтерде, материалдарда жана иштелмелерде пайдаланылды:

- «Адабий окуу» сабактарын окутуу боюнча илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда жасаган баяндамаларында;

- башталгыч класс мугалимдеринин сабактарынын иштелмелеринде, класстан тышкаркы иштерде;
- башталгыч мектептин окуучуларына жомокторду окутуу боюнча аудио жана видео материалдарды иштеп чыгууда колдонулат;
- окуу программаларын, окуу китептерин, илимий-усулдук колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө.

Өндүрүшкө киргизилген мекеменин өкүлү:
№5 Ж. Бөкөнбаев атындагы мектеп-гимназиясынын
башталгыч классынын мугалими: С. Сасыкбаева

Ош МПУнун Педагогика жана психология кафедрасынын
башчысы, п.и.к., доцент: И. Даминова